УДК: 9-05

Шакитов Ш.Ш., Алымбеков К.
*Ж.Алышбаев атындагы Ысык-Көл кооперация институту,*
*К.Тыныстанов атындагы ЫМУ*

# КӨП КЫРДУУ АДАМ ЭЛЕ

Ишке жаңыдан орношкон аял–эркектердин сынында болсо, ал коллективдин мүчөлөрүн, ынтымагын, ишмердүүлүгүн ж.б. билгиси келет. Мындай абал ар бир инсандын башынан өтөт.

Бул макаланын авторлорунун бири КМУда Кыргыз ССРинин Илимдер Академиясынын мүчө–корреспонденти, жалындуу, тайманбас, илим үчүн жаралган, философия илимдеринин кандидаты, доцент Асанбек Табалдиевдин жетекчилигинде аспирантураны аяктаган. 1972-ж. апрелинде Пржевальскидеги désinstituttun философия кафедрасына кызматка келген. Ошол жылдын ноябрында Ош пединститутунан дагы бирөө которулган. Баскан-турганы салабаттуу, маданияттуу, ийкемдүү кызматкерди артынан ээрчий карап узаткандар көп болду. «Бу ким ыя?» Көрсө, ал биология илиминин доктору, профессор Э.Коңурбаев экен. 1975-1983-жылдарда ПГПИнин ректору Э.Коңурбаев жөнөкөйлүгү, адамгерчилиги, сезимталдуулугу, камкордугу, боорукердиги, жогорку маданияттуу, эрудициялуу, көп өнөрдүн ээси катары шаардын гана эмес, Ысык-Көл облусунун калкына кеңири таанылды. Тагдыр бизди бири-бирибизге өтө жакындатты. Ал - ректор, мен пединституттун партуюмунун секретары. Тиешелүү проблемаларды мени менен кеңешип, анан чечимге келүүчү. Ал кездерде партиянын күчү шаарком, райкомдорго чейин айрыкча байкалчу. Андан ары колхоздун башкармалары, совхоздун директорлору; уюм, мекемелердин жетекчилери бийлик жүргүзүшүп, партуюмдун секретарларын чиренгендердин кээ бирлери «чабарман» кылып алышчу. Ушул өңүттөн алганда, Э.Коңурбаев партбюро менен эсептешкен, партиянын уставынын негизинде жашаган, иштеген жетекчи болуп, коллективге алынды.

«Көп тиктесе, жумурткадан кыр чыгат…» Э.Коңурбаевдин коллективге жаккандыгы көрө албастардын куйкасын куруштурду. Анын үстүнөн тоголок арыздарды жазышып, өздөрүнүн пастыгын, былыктыгын көргөзүштү. Кандай болгондо да ал арыздар жеринде текшерилип, жыйынтыктоо чыгарылчу. Тоголок арыздардын биринде моралдык жактан Э.Коңурбаев «туруксуз» экендиги билинди. Партиялык ачык чогулушта тоголок арыздын айланасында сөз жүрүп жатты. Кезек анын «көңүлдөшүнө» келгенде, ал аял: «Э.Коңурбаевдин «ойношу болгондугума» сыймыктанам. Ал үчүн тоголок арызчыларга рахмат!..» дебеспи. Күбүр-шыбырдагы зал тынчый түштү. Ошондон кийин тоголок арыз тоголонуп жоголду. Жыйналыштын соңунда Э.Коңурбаев акталып, арызда көрсөтүлгөн фактылардын жалгандыгы жөнүндө токтом кабыл алынган.

Бирөөлөрдүн минген атын экинчилерге тартып берүү партиянын тушунда деле өкүм сүргөн. Болор-болбос шылтоо–себептер менен Э.Коңурбаев Агартуу министирлигинин коллегиясында ректорлук кызматтан алынды. Проректорлор М.Глебов, К.Меймановдорго да сөз берилди. Алар Э.Коңурбаевге каршы бир да сөз айтышпады, себеби коллегиянын токтомундагы логикасыз күнөөлөр экс-ректордо, негизинен, жок болучу.

Мага да сөз берилди.

- Бизге келүүчү кезектеги ректор сегиз-тогуз кишиден куралышы керек дегенимде, коллегиянын мүчөлөрүнүн бири:

- Эмне үчүн?

- Анткени Э.Коңурбаев - илимдин доктору, профессор, акын, обончу, музыкант,

бийчи, сүрөтчү, спортсмен, өз кесибинин устасы.

Анын ордуна ректор болуп ким келгендигин Кыргызстандын илим, билим, маданият чөйрөсү жакшы билет.

Тиричиликте боло берүүчү ар кандай карама-каршылыктарга туруштук бералбай, Э.Коңурбаев Пржевальскини Москва менен алмаштыруу чечимине келди. Бул жөнүндө мага кайрылганда мен айткам:

- Эрик Өмүрзакович! Бирден бир доктор болуп, бизде эле жүрө бериңизчи. Москвага барсаңыз, көптүн бири болуп каласыз. Сиз өңдүү профессорлор гана эмес, академиктер Москвада жетиштүү. Анын үсүнө, жер которгондо адамды кандай келечек күтүп турат, ким билет?

Ал көз жумганда мен үчүн жер солкулдагансып, психологиялык, тулку-боюмдун тең салмагын жоготтум – коом бизге кандай адамды берди эле, жаратылыш бизден кандай адамды алып кетти! Анын адамдык касиеттерин эми эскерүү менен гана санай алабыз, бирок аягына чыгалбайбыз.

Жарык көргөн эмгектеринен маркум мага да эстеликке берген эле. СССРдин Илимдер академиясынын «Энтомологическое обозрение» журналына 1981-ж. Э.Коңурбаевдин «Экологические особенности вертикального распределения мошек Средней Азии» аттуу макаласы жарыяланганда: «Дорогому Шаршенбаю от твоего Эрика с пожеланиями успехов и жизненности. Э.Коңурбаев, 16/IV 1981 г.»; «Мошки Средней Азии» (Фрунзе, Илим, 1984) монографиясына: «Дорогому Шаршенбаю Шакитовичу на память от автора с пожеланиями успехов в работе, большого человеческого счастья, постоянной радости и нескончаемого юмора. Э.Коңурбаев, г. Пржевальск, 22/V 1984» сыяктуу кол тамгаларын реликвия сыяктуу сактап жүрөм.

Эриктин 50-жылдыгында тамадалыкка дайындалдым. Маараке жакшы эле өткөнсүдү. Аны менен көп кабаттуу үйдө кошуна жашадык. Квартирасында тойду жыйынтыктаганда:

- Эрик Өмүрзакович, соо кишилерди өзүңүз башкарып, ичип алгандарын мага башкартасыз… Бул сөзүмө жүрөгүнөн чыккан күлкүсүн тартуулаган.

Эмдиги сөз авторлошто. 1983-ж. Кыргыз мамлекеттик университетинин тарых факультетин аяктап жаткан мезгилибиз. Дипломдук жетекчим Вальтраут Шелике: «Сен университетти жакшы аяктадын, жактаган дипломдук темаң актуалдуу, илимге кызыгууң бар, ишиңди андан ары улантып, аспирантурадан оку, ал үчүн жогорку окуу жайда иштешиң керек. Ош пединститутунда мени менен чогуу иштешкен Э.Ө.Конурбаев Пржевальск пединститутунун ректору. Абдан билимдүү, түшүнүктүү, маданияттуу, жогорку интеллектуалдуу адам. Сага сөзсүз жардам берет. Мени мактаган мааниде жумушка орношууда жардам берүүсүн өтүнүп кат жазып берди.

Ал мезгилде аскердик кафедранын курамында 3 айлык жыйын болор эле. Жыйындан кеч бошоп, ноябрдын башында Пржевальск пединститутунун ректоруна кирсем, кыргызга анча окшобогон, ушунчалык сулуу, жылдызы жайнаган киши отурат. Баягы катты берсем, окуп чыгып: «Балам, бул кишини мен абдан сыйлайм, бизде комплекстөө бүтүп калды, бирок саясий экономия жана илимий коммунизм кафедрасында саясий экономия боюнча бир окутуучу керек. Кафедра башчысына айт, эгер ал макул болсо, мен да макулмун». Андан кийин төрт жылдай чогуу иштедик.

Бөкөнбай Боркеевдин «Фабула» гезитине сандан санга чыгып жаткан «Рыспай» аттуу даректүү романы макаланы жазууга дем берди. Себеби жазайын деп жүргөн каарманымдын аты-жөнү гезиттин 2013.05.02 № 8 санында аз да болсо жүрөт. Романда автор келечеги өмүрлүк жары Давлеттин Рыспайга таптырбай качып жүргөнү баяндайт. Давлет Ош пединститутунун музыка факультетинде окуп жүрүп, күзүндө пахта тергени барат. Чарчап, кечинде уктап жатса, факультеттин деканы Рашид Григорьевич ойготуп, «Ысманова, туруң, сизди штабда проректор чакырып жатат». Рыспай: «Давлет, бул агай - институттун проректору Эрик Коңурбаевич, силер ырдап

жүргөн «Тоолук жигит» деген ырдын автору Эрик Коңурбаевич гитара менен өзүнүн ошол ырын ырдап бериптир. Улуу адамдар улуу кишилерди издеп табышат.

К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин орто жана улуу муундагы ар түрдүү улуттагы агай, эжейлер ал кишини чоң шаттануу, кубануу менен эскеришет. Көпчүлүгү замандаш болгондоруна, чогуу иштешкендерине өтө сыймыктанышат. Анын анкеталык маалыматтарынын айрымдарын билип кою көптүк кылбайт го деп ойлойбуз. Анткени алар жаштар үчүн чоң сабак. Э.Ө. Коңурбаев 1934-ж. 18.10. Фрунзе шаарында кызматкердин үй-бүлөсүндө төрөлгөн. 1942-1952-ж.ж. Фрунзе шаарындагы № 6 – мектепте окуган. 1952-1957-ж.ж. Кыргыз мамлекеттик университетинин биология жер кыртышы факультетин бүтүргөн. Университетти аяктагандан кийин Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын Зоология жана паразитология институтунда ага лаборант, Кыргыз ССРинин Министрлер Советинин алдындагы текшерүү комиссиясынын ага текшерүүчүсү болуп иштейт.

1961-ж. КМУнун зоология кафедрасындагы аспирантуранын күндүзгү бөлүмүнө өтөт, 1965-ж. кандидаттык диссертациясынын жактайт. 1964-1965-ж.ж. Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын биология институтунда окумуштуу катчы. 1965-ж. августта Ош пединститутунда окуу жана илимий иштер боюнча проректорлук кызматка жиберилет. Ош пединститутунда биология факультетинде лекция окуу менен бирге, студенттердин курстук, дипломдук жана окутуучулардын диссертациялык иштерине жетекчилик кылат. 1967-ж. Э.Ө.Коңурбаевге доцент наамы берилет. 1970-ж. доктордук диссертациясын аяктоо үчүн ага илимий кызматкерликке которулат да СССР Илимдер Академиясынын Ленинград шаарындагы зоология институтуна жиберилет. 1974-ж. биология илими боюнча доктордук диссертациясын жактаган. 1977-ж. профессор наамына ээ болгон. Пржевальскидеги пединститутта 1972-ж. биология кафедрасынын башчысы, 1975-1983-ж.ж. ректордук кызматта иштеген. Ал студенттерге зоология, экологиянын негиздери, дарвинизм боюнча лекция окуган. Лекциялары терең илимийлүүгү, методикалык жогорку деңгээли менен айырмаланып турган. Мунусун окутуучулардан гана эмес, студенттердин оозунан да угаар элек.

Э.Ө.Коңурбаев – кругозору кенен окумуштуу. Жалпы көлөмү 37 басма барактан турган илимий 32 эмгеги басылып чыккан. Анын жетекчилиги астында кандидаттык эки диссертация корголгон.

1960–ж. КПССтин катарына өтөт. Кыргызстан БК Ысык-Көл обкомунун, Пржевальск шааркомунун бюро мүчөсү, Ысык-Көл областтык эл депутаттар Советинин депутаты. Ошондой эле СССР Илимдер Академиясынын «Энтомологическое обозрение» журналынын редакциялык коллегиясына, СССР географиялык коомуна мүчө болгон.

Э.Ө.Коңурбаев өкмөттүк бир катар сыйлыктарга татыган: СССР Жогорку Советинин Президиумунун «Ардак Белгиси» ордени, В.И.Лениндин 100-жылдыгына карата «Эмгектеги каармандыгы үчүн», медалына, Монгол Республикасынын элдик куралынын президиумунун «Найрамдал» ордени жана башка көптөгөн төш белгилер менен сыйланган.

Э.Ө.Коңурбаев ар тараптуу таланты өнүккөн инсан эле. Комузда, гитарада, аккордеондо, пианинодо ж.б. ойноп, профессор экенине карабай пединституттун өздүк-көркөм чыгармачылыгына катышчу. Өзү бир канча ырларды жазып, аларга обон чыгарган. Ырлары борбордук газеталарга жарыяланып турган. Жылына бир жолу сүрөт көргөзмөсү ачылчу. Тарткан сүрөттөрү борборго алынып кетчү. Бокс боюнча спорттун чебери, Караколдо бокс боюнча өткөн мелдештерде судья да болучу.

Бул кишинин адамгерчилигин, жөнөкөйлүгүн таанып-билгендер айтып түгөтө алышпайт. Ошолордон бир гана мисал келтирейин, 1990-жылдары Москвада аспирантурада чогуу окуган географ Шейшенбек Сатылганов: «Бир жылы кирүү экзамени комиссиясынын мүчөсү болдум. Ал жылдары деле алчусун алып, окууга өткөрчүбүз. Иштерибиздин баарын «тууралап» келип, кечинде үйдө эс алып жатсам,

ректораттан бирөө келди: «Сизди ректор чакырып жатат». Жүрөгүм түшүп, кудай уруп, өткөргөн кишим билинип калган экен деп, ректоратка келсем, мени менен экзаменди чогуу алышкан мугалимдер жүрөт. Баарыбыз коркуп, эмнеге чакырыптыр бирибизден бирибиз сурап жаттык. Аңгыча секретарь кыз «киргиле» деп калды. Өңүбүз купкуу болуп кирсек, ректордун жанында жүдөө кийинген айылдык адам отуруптур. «Келгиле, жигиттер» - ректор бизге жайдары кайрылды. Жүрөгүбүз ордуна келгенсиди. «Бир аз жыл мурда обкомдун биринчи секретары А.Дүйшеев экөөбүз алыскы жайлоодогу малчылардын абалы менен таанышканы барган элек. Бул киши - он балалуу чабан. Ошондо А.Дүйшеев бир баласын жогорку окуу жайдан окутуп бермекке убадалашыптыр. Кызы геофакка тапшырып, бүгүн силерден эки алып калыптыр. А. Дүйшеевдин убадасын аткаралы – баасын оңдоп бербейсиңерби?» Баарыбыз тең сүйүнүп, оңдоп берип, кеткенге шаштык.

Бир күнү сыртта чакырып жатат дешти. Чыксам, баягы чабан. «Коңурбаевге мобу кой, бир фляга кымыз, акча алып барсам, мага кереги жок, баасын оңдогон мугалимдерди ыраазы кылыңыз» деди. Сизге алып келдим десе болобу. Кудай мындай бербеспи, алып койдум».

Эми мындай мисалдар ондоп саналат. Көптөгөн окутуучулардын Москва, Ленинград ж.б. шаарларга аспирантурада окуусуна убагында анын жеке авторитетинин жардамы тийген.

«Өлгөндөр даңкталбай, тирүүлөр макталбайт». Арабызда докторлор, профессор, академиктер жетиштүү болуп калгансыды. Бирок адамгерчиликтин бийик даражасына көтөрүлө алган Э.Коңурбаевдей сүйкүмдүү инсанды табуу кыйынга тураар. Анткени көрүнүктүү, көп кырдуу ар бир адам кайталангыс, бири-бирине окшогон, окшобогон чексиз дүйнө экен, өңү окшосо да ички дүйнөсү көп жагынан айырмаланат.